**УДК: 371.3(075)**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ФОЛЬКЛОРДУК ЧЫГАРМАЛАРДЫ КОЛДОНУУ ЫКМАЛАРЫ

**Алпекова Фарида Исамидиновна**
ОшМПУнун улук окутуучусу
ORCID: 0009-0002-3540-2096
alpekovaf@mail.ru

**Аннотация.** Бул макалада башталгыч класстарда фольклордук чыгармаларды колдонуу ыкмалары жана алардын окуучулардын тилдик, эстетикалык, адеп-ахлактык өнүгүүсүнө тийгизген таасири каралат. Фольклордук чыгармалар – бул элдик маданияттын маанилүү бөлүгү болуп, балдардын руханий дүйнөсүн байытып, алардын акыл-эстүү, боорукер жана чыгармачыл инсан болуп калыптанышына өбөлгө түзөт. Макалада жомоктор, макал-лакаптар, жаңылмачтар, табышмактар жана санат-насыят ырларын окуу процессинде пайдалануу ыкмалары кеңири талданып, алардын ар биринин окуучулардын өнүгүүсүнө тийгизген оң таасири баяндалат. Ошондой эле фольклордук чыгармаларды сабакта колдонуунун маанилүүлүгү, аларды окутуунун эффективдүү жолдору жана практикалык сунуштар берилет. Изилдөөнүн натыйжасында фольклордук чыгармалар окуучулардын сүйлөө маданиятын, логикалык ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмдөрүн жана адеп-ахлактык баалуулуктарын өнүктүрүүдө чоң роль ойной тургандыгы аныкталды. Бул макала мугалимдер, билим берүү тармагындагы адистер жана башталгыч класстарда иш алып барган педагогдор үчүн пайдалуу практикалык колдонмо болуп эсептелет.

**Ачкыч сөздөр:** фольклордук чыгармалар, жомоктор, макал-лакаптар, жаңылмачтар, санат-насыят ырлары, сүйлөө маданияты, логикалык ой жүгүртүү, педагогикалык ыкмалар

# МЕТОДЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ФОЛЬКЛОРНЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

**Альпекова Фарида Исамидиновна**
Старший преподаватель ОшМПУ
ORCID: 0009-0002-3540-2096
alpekovaf@mail.ru

**Аннотация.** В данной статье рассматриваются методы использования фольклорных произведений в начальной школе и их влияние на языковое, эстетическое и нравственное развитие учащихся. Фольклорные произведения являются важной частью народной культуры, обогащающей духовный мир детей и способствующей их развитию как умных, добрых и творческих людей. В статье подробно анализируются способы использования сказок, пословиц, загадок, загадок и пословиц в процессе обучения, а также описано положительное влияние каждой из них на развитие учащихся. Также дана важность использования фольклорных произведений на уроке, эффективные способы их преподавания и практические рекомендации. В результате исследования установлено, что фольклорные произведения играют большую роль в развитии речевой культуры учащихся, логического мышления, творческих способностей и нравственных ценностей. Данная статья представляет собой полезное практическое руководство для учителей, работников образования и педагогов, работающих в начальных школах.

**Ключевые слова:** фольклорные произведения, сказки, пословицы, заблуждения, песни-наставления, культура речи, логическое мышление, педагогические методы.

# METHODS OF USING FOLKLORE WORKS IN PRIMARY SCHOOLS

**Alpekova Farida Isamidinovna**
Senior Lecturer OshMPU
ORCID: 0009-0002-3540-2096
alpekovaf@mail.ru

**Abstract.** This article discusses the methods of using folklore in primary school and their impact on the linguistic, aesthetic and moral development of students. Folklore is an important part of folk culture, enriching the spiritual world of children and contributing to their development as smart, kind and creative people. The article analyzes in detail the ways of using fairy tales, proverbs, riddles, riddles and proverbs in the learning process, and describes the positive impact of each of them on the development of students. It also gives the importance of using folklore in the classroom, effective ways of teaching them and practical recommendations. The study found that folklore plays a major role in the development of students' speech culture, logical thinking, creativity and moral values. This article is a useful practical guide for teachers, educators and educators working in primary schools.

**Key words:** folklore, fairy tales, proverbs, misconceptions, songs of instruction, speech culture, logical thinking, pedagogical methods.

Фольклордук чыгармалар – бул элдик чыгармачылыктын кайталангыс үлгүлөрү болуп, алар балдардын маданий жана руханий өнүгүүсүнө олуттуу таасир этет. Башталгыч класстардагы окуучулар үчүн фольклордун мааниси зор, анткени ал балдардын тил байлыгын өнүктүрүп, адеп-ахлактык баалуулуктарды сиңирүүгө жардам берет. Элдик жомоктор, макал-лакаптар, жаңылмачтар жана табышмактар окуучулардын кызыгуусун ойготуп, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт. Бул макалада башталгыч класстарда фольклордук чыгармаларды колдонуу ыкмалары жана алардын окуучулардын өнүгүүсүнө тийгизген таасири каралат.

Фольклор – бул элдин тарыхый жана маданий мурастарынын бай казынасы. Ал балдарды тарбиялоодо, алардын дүйнө таанымын жана руханий баалуулуктарын калыптандырууда маанилүү рол ойнойт. [1]

Учурда башталгыч класстардагы окуучулардын руханий жана эстетикалык өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Санарип технологиялардын жана массалык маалымат каражаттарынын таасири менен балдардын китеп окууга, элдик мурастарды изилдөөгө болгон кызыгуусу төмөндөп баратат. Кыргыз эли улуулугун, улуттук нарктуулугун кылымдан кылымга унуткарбай сактап келген улуу эл. Элибиз эреже, закон жок эле, жүрүм-турум эрежелерин катуу сактап, жаза колдонуп, аларды ондоп, тескеп келген.Кыргыз эли көчмөн эл болгондугу баарына маалым, бирок ошол катаал шартка карабай ушунча кылым нарктуу баалуулуктарды сактап, оозеки кийинки муундарга жеткирүүнүн өзү эле эмне деген улуулук. [6] Ошондуктан фольклордук чыгармаларды сабакта колдонуу окуучулардын улуттук маданиятка болгон кызыгуусун арттыруу, тил байлыгын жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн абдан маанилүү. Фольклордук чыгармалар балдардын эстетикалык табитин калыптандырып, адеп-ахлактык тарбия берүүнүн натыйжалуу куралы болуп саналат. Бул изилдөө фольклордук чыгармаларды башталгыч класстарда колдонуу методдорун аныктоого жана алардын окуу процессиндеги эффективдүүлүгүн изилдөөгө багытталган.

Бул изилдөөнүн негизги максаты – башталгыч класстарда фольклордук чыгармаларды натыйжалуу колдонуу ыкмаларын аныктоо жана аларды окуучулардын тилдик, эстетикалык жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө тийгизген таасирин изилдөө. Ошондой эле, фольклордук чыгармалардын окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн, сөз байлыгын жана окуу процесстерине болгон кызыгуусун арттыруудагы ролун талдоо.

Фольклордук чыгармалардын башталгыч класстардагы орду Башталгыч класстарда фольклордук чыгармалар – жомоктор, макал-лакаптар, жаңылмачтар, табышмактар жана ырлар сабакта активдүү колдонулат. Бул чыгармалар окуучулардын сөз байлыгын кеңейтип, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, окуу процессине кызыгуусун арттырат. Ошондой эле фольклордук чыгармалар аркылуу окуучуларга адеп-ахлактык тарбия берүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Башталгыч класстарда фольклордук чыгармаларды колдонуу ыкмалары:

1. Жомокторду окутуу жана талдоо Жомоктор башталгыч класстарда кеңири колдонулат. Жомоктор балдардын аң-сезимин, элестетүүсүн өнүктүрүү менен бирге, аларга жашоонун негизги мыйзамченемдерин, жакшылык менен жамандыктын ортосундагы айырманы түшүндүрөт. [2] Алардын жардамы менен окуучулар жакшылык менен

жамандыкты айырмалап, адеп-ахлактык түшүнүктөргө ээ болушат. Жомокторду окуп, анын каармандарын талдоо, окуянын мазмунун чечмелөө окуучулардын критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт, анткени алар окуянын өнүгүүсүн түшүнүүгө, каармандардын мүнөзүн баалоого жана окуядан сабак алууга үйрөнүшөт. Жомоктордогу окуялар балдардын логикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн жакшыртып, аларга турмуштук кырдаалдарда туура чечим кабыл алууга жардам берет.

2. Макал-лакаптарды үйрөтүү жана түшүндүрүү
   Макал-лакаптар – бул элдик акылмандыкты өзүнө камтыган чакан чыгармалар. Алар балага терең маани берип, турмуштук тажрыйба топтоого үйрөтөт. [3] Макал-лакаптардын жардамы менен балдар элдик тажрыйбаны жана акылмандыкты үйрөнүшөт. Сабак учурунда макалдардын маанисин түшүндүрүү, алардын колдонуу чөйрөсүн талкуулоо, мисалдар менен колдонууну үйрөтүү окуучулардын тилдик компетенциясын жакшыртат, анткени макал-лакаптар так жана кыскача формада чоң маанини жеткирет. Алар балдардын ой жүгүртүүсүн тереңдетип, сөз байлыгын кеңейтүүгө жардам берет. Ошондой эле, макалдарды колдонуу окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн жакшыртып, кеп маданиятын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.
   Жаңылмачтарды колдонуунун таасири. Жаңылмачтар балдардын дикциясын жакшыртып, тилдин кооздугун сезүүгө үйрөтөт. Алар тилди өнүктүрүүчү эң мыкты куралдардын бири болуп саналат. [4] Жаңылмачтар башталгыч класстардагы балдардын тилдик жөндөмүн өркүндөтүүдө пайдалуу. Алар дикцияны, сүйлөө тактыгын жана ой жүгүртүүнү жакшыртат. Сабакта жаңылмачтарды айттырууну оюн түрүндө өткөрүү окуучулардын кызыгуусун арттырат, анткени оюн аркылуу үйрөнүү балдар үчүн кызыктуу жана натыйжалуу болот. Жаңылмачтарды кайталоо аркылуу алар тилдин өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүп, сүйлөө чеберчилигин өркүндөтүшөт. Ошондой эле, бул ыкма окуучулардын көңүл топтоосун жакшыртып, эсте сактоо жөндөмүн өркүндөтүүгө жардам берет.
3. Табышмактарды колдонуу аркылуу ой жүгүртүүнү өнүктүрүү Табышмак – бул ой жүгүртүүнү, акылдын курчтугун жана чыгармачылыкты өстүрүүчү курал. Ал балдардын логикалык ойлоосун өнүктүрүп, жооп издөө көндүмдөрүн жакшыртат. [5] Табышмактар окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө чоң роль ойнойт. Алар суроо-жооп ыкмасын колдонуу менен сабакка кызыгуу жаратып, балдардын чыгармачылык жөндөмүн арттырат, анткени табышмактар балдарды ой жүгүртүүгө, салыштырууга жана логикалык байланышты табууга үйрөтөт. Ошондой эле, алар окуучулардын креативдүүлүгүн жана эске тутуу жөндөмүн жакшыртып, тилдик байлыгын кеңейтүүгө көмөкчү болот.
4. Фольклордук ырларды жана жөрөлгөлөрдү колдонуу Элдик ырлар жана жөрөлгөлөр балдардын эстетикалык табитин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Ырларды ырдоо жана кыймыл-аракеттер менен коштоо аркылуу окуучулар музыкалык жана ритмдик сезимдерин өнүктүрүшөт.
5. Санат-насыят ырларын колдонуу Санат-насыят ырлары балдарды адеп-ахлактык тарбиялоодо маанилүү роль ойнойт, анткени алар жаш муунга туура жол көрсөтүп, жакшы сапаттарды калыптандырууга багытталган. Бул ырлар аркылуу балдар ак ниеттүүлүккө, кайрымдуулукка, эмгекчилдикке жана улууларды сыйлоого үйрөнүшөт. Алар жашоо тажрыйбасынан алынган акыл-насааттарды камтып, балдардын жүрүм-турумуна оң таасирин тийгизет, себеби бул ырлар жашоонун маанилүү принциптерин жөнөкөй жана жеткиликтүү формада баяндайт. Алар ар кандай жашоо кырдаалдарында туура чечим кабыл алууга үйрөтөт, адеп-ахлактык нормаларды бекемдеп, коомдо өзүн туура алып жүрүүгө багыт берет. Бул ырлар балдарды мээримдүүлүккө, эмгекчилдикке, улууларды урматтоого жана жакшы сапаттарды өнүктүрүүгө үйрөтөт. Сабакта санат-насыят ырларын колдонуу менен окуучулар терең тарбиялык мааниге ээ болгон ойлорду түшүнүп, аларды жашоо практикасында колдонууга үйрөнүшөт.

Ошондой эле бул ырлар балдардын ойлорун так жана кооз айтып берүүсүнө жардам берет.

Башталгыч класстарда фольклордук чыгармаларды колдонуу аркылуу окуучулар төмөнкүдөй билимдерге жана көндүмдөргө ээ боло алышат:

Тилдик өнүгүү артат. Мында сөз байлыгын кеңейет, туура жана түшүнүктүү сүйлөөнү үйрөнөт, оозеки жана жазуу речин өркүндөйт, элдик чыгармалардагы тилдик өзгөчөлүктөрдү түшүнөт.

Адеп-ахлактык жактан тарбия алат. Анда жакшылык менен жамандыктын айырмасын билет, кайрымдуулук, эмгекчилдик, чынчылдык сыяктуу сапаттарды калыптандыруу, улууларды сыйлоо жана достук мамилелерди баалоо, коомдо өзүн туура алып жүрүүнү үйрөнөт,

Чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү. Тактап айтсак, көркөм ой жүгүртүү жана элестетүү жөндөмүн өнүктүрүү, өз алдынча жомок, аңгеме, ыр түзүүгө шыктандыруу, театралдык оюндарга катышуу аркылуу артисттик жөндөмдөрдү өнүктүрүү болуп эсептеле.

Логикалык ой жүгүртүүсү өнүгөт. Окуучуларда себеп-натыйжа байланышын түшүнүү, табышмактар аркылуу аналитикалык ой жүгүртүүнү жакшыртуу, ар кандай кырдаалдарда туура чечим кабыл алуу көндүмүн өрчүтүү бул маанилүү болуп эсептелет.

Эстетикалык табитти калыптандыруу да маанилуу маселелердин бири болуп эсептелет. Окуучулар элдик поэтикалык чыгармалар аркылуу кооздукка жана гармонияга баа берүүнү үйрөнөт, музыка, сүрөт жана сахналаштыруу аркылуу көркөм өнөрдү түшүнүшөт, элдик салттарга жана маданиятка болгон кызыгуусу артат.

Коомдук көндүмдөр өнүгөт. Мисалы топто иштөө, ой бөлүшүү, пикир алмашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, өз оюн так жана түшүнүктүү жеткирүү, окуу процессинде активдүү катышуу ж.б. жыйынтыктап айтканда башталгыч класстарда фольклордук чыгармаларды окутуу балдардын ар тараптуу өнүгүүсүнө чоң өбөлгө түзөт жана аларды билимин тереңдетип, жан дүйнөсүн байытууга көмөкчү болот.

Корутунду

Башталгыч класстарда фольклордук чыгармаларды колдонуу окуучулардын тилдик, эстетикалык жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө чоң таасир этет. Жомоктор, макал-лакаптар, жаңылмачтар, табышмактар жана санат-насыят ырлары окуучулардын сөз байлыгын кеңейтип, ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өркүндөтөт. Ошондой эле, фольклордук чыгармалар аркылуу балдар элдик акылмандыкты, тарбиялык баалуулуктарды үйрөнүп, адеп-ахлактык нормаларды өздөштүрүшөт.

Фольклордук чыгармаларды сабактарда натыйжалуу пайдалануу окуучулардын окууга болгон кызыгуусун арттырып, алардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Жомоктор жана табышмактар логикалык ой жүгүртүүгө, макал-лакаптар турмуштук тажрыйбаны тереңирээк түшүнүүгө, жаңылмачтар тилди так жана даана айтууга жардам берет. Санат-насыят ырлары болсо балдарды адеп-ахлактык жактан тарбиялоодо чоң мааниге ээ.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстарда фольклордук чыгармаларды колдонуу заманбап билим берүү процессинде маанилүү роль ойнойт. Ошондуктан, мугалимдер фольклордук чыгармаларды сабактарда ар түрдүү ыкмалар менен пайдаланып, окуучулардын жан-дүйнөсүн байытып, алардын интеллектуалдык жана руханий өнүгүүсүнө салым кошуусу зарыл.

Бул изилдөөнүн негизинде башталгыч класстарда фольклорду колдонуу боюнча төмөнкүдөй сунуштарды беремин.

1. Фольклордук чыгармаларды окуу процессине кеңири киргизүү: Окуу программасына жомоктор, макал-лакаптар, жаңылмачтар, табышмактар жана санат-насыят ырларын көбүрөөк киргизүү, фольклордук чыгармалар менен иштөөнүн интерактивдүү методдорун колдонуу;
2. Ийкемдүү жана чыгармачыл окутуу методдорун пайдалануу: Жомокторду сахналаштыруу, инсценировка, ролдук оюндарды өткөрүү, жаңылмачтарды,

табышмактарды жана макал-лакаптарды үйрөнүүнү оюн түрүндө уюштуруу, балдарга өз алдынча жомок, ыр же табышмак түзүүгө мүмкүнчүлүк берүү;
3. Адеп-ахлактык баалуулуктарды сиңирүү: фольклордук чыгармалардын тарбиялык маанисин терең түшүндүрүү, каармандардын жүрүм-турумун талкуулап, балдарды анализ жасоого үйрөтүү, фольклордук чыгармалар аркылуу достук, адилеттүүлүк, эмгекчилдик сыяктуу сапаттарды өркүндөтүү;
4. Тилдик өнүгүүгө көңүл буруу: Макал-лакаптарды, жаңылмачтарды активдүү колдонуу аркылуу балдардын сөз байлыгын арттыруу, тексттерди жаттоо, туура жана таасын айтууну машыктыруу, фольклордук чыгармалар менен иштөөдө тилдик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган тапшырмаларды иштеп чыгуу;
5. Окуучулардын кызыгуусун арттыруу: фольклордук чыгармаларды визуалдык жана аудио материалдар менен коштоо, элдик жөрөлгөлөрдү жана ырларды колдонуп, маданий мураска кызыктыруу, окуучулардын ата-энелерин да окуу процессине тартуу менен үй-бүлөлүк окуу маданиятын өнүктүрүү;
6. Фольклорду сабактан тышкаркы иштерде да колдонуу: фольклордук кечелерди, викториналарды, оюн-зоок иш-чараларын уюштуруу, жомокторду жана макал-лакаптарды чогултуу, изилдөө боюнча долбоордук иш жүргүзүү, балдарды фольклордук чыгармаларды иллюстрациялоо, көркөм окуу жана жазууга тартуу, бул сунуштар башталгыч класстарда фольклордук чыгармаларды окутууну натыйжалуу кылып, окуучулардын билим алуусуна жана руханий өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Алиев К. "Элдик педагогиканын негиздери". – Бишкек: Илим, 2015. – 212 б.
2. Пропп В. "Фольклор жана турмуш". – Москва: Наука, 2010. – 189 б.
3. Байжигитов А. "Кыргыз макал-лакаптары жана алардын тарбиялык мааниси". – Бишкек: Илим, 2013. – 144 б.
4. Плотникова Е. "Балдардын сүйлөө маданиятын өнүктүрүүдө фольклордун орду". – Санкт-Петербург: Просвещение, 2017. – 198 б.
5. Акимова Т. "Балдарга элдик чыгармалар аркылуу билим берүү". – Алматы: Мектеп, 2018. – 176 б.
6. Нуридин Уулу, С. Салттык музыка жана анын мектептеги тарбиялык мааниси / С. Нуридин Уулу, А. Н. Кадырова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – Vol. 2, No. 2(24). – P. 121-124. – DOI 10.56122/..v2i2.206. – EDN ITNAIE.